Өзлем Өзюрт,
БГУ

МЕЙКИНДИК РОЛДОРУНУН КООРДИНАЦИЯСЫ

Мейкиндик ролдорунун координациясынын аспектиси мейкиндик катыштары үчүн маанилүү болгон локативдик предикаттын актанттарындагы ролдорун аныктоодо камтылган. Координациялык параметр өзүнүн актанттарынын ортосундагы локалдашуунун жана локализатордун обьектисинин семантикалык ролун ошол предикат кандайча бөлүштүрөрүн белгилейт. Биз канондук локативдик конструкцияларды айырмалап, анда локализатор өзүнүн канондук формасында кызмат кылат жана жагдайлык толуктооч, ошондой эле канондук эмес локативдик конструкциялардын функциясын аткарат. Аларда локализатор канондук эмес формада көрсөтүлүп, ар кандай атоочтук позицияларды ээлеши мүмкүн: субьектилик (*Сабизде көп витамин бар, Майрам жаңы көйнөк кийди*), обьектилик (*чыныга суу толтуруу*) ж.б.

Канондук конструкцияларда локалдашуунун обьектиси локативдик обьектинин субьектиси (*үй жээкте жайгашкан*) же анын обьектиси (*жээкке үй салуу*) болуп саналат. Канондук эмес конструкцияларда локалдашуунун обьектиси башка атоочтук позицияларды да сыйдырышы мүмкүн: инструменталдык толуктоону (*капты жип менен байлоо*), каражат маанисиндеги толуктоо (*аңды кум менен толтуруу*) ж.б. Локализаторлордун канондук эмес формаларынын конструкцияларында, биз Гакты улай [1996:21], мейкиндик катышты чагылдыруунун экинчи формаларын карайбыз. Биз аларды модификациялоонун мүмкүн болгон бардык милдеттерин алдыбызга койбойбуз жана аларды талдоого канондук менен салыштыруу үчүн гана кайрылабыз.

Биз предикаттарды гана талдоого алып, анда локализатор өзүнүн канондук маркерленген жагдайлык функциясындагы формасында кызмат кылып, *кайда? каякка? кайдан? эмненин боюнда?* ж.б. суроолорго жооп берет. дал ушул конструкциялар формалдык жактан да, мазмундук жактан да локативдиктин өзү болуп саналат.

Координациялык аспект кырдаалдык менен тыгыз байланышкан, себеби аны чагылдыруунун тилдик базасы катары локативдик предикаттар жана ал аркылуу түзүлгөн конструкциялар кызмат кылат. Бул аспект синтаксистик локативдик конструкциялардын структуралык-семантикалык тибин аныктаган факторлордун бири болуп саналат.

Эгер локалдашуунун обьектиси локативдик предикаттын субьектиси болуп саналса, ал активдүүлүктүн белгисине ээ болуп, өзүнүн жайгашкан жерин өзү алмаштырат же бар болгон мамилелерди колдойт. Эгер ал локативдик предикаттын обьектиси катары кызмат кылса (ал адатта лексикалык же морфологиялык каузатив болуп саналат), анда ал кырдаалдын башка катышуучусу тарабынан өзүнө болгон таасирди сезип, ал локалдашуунун жана мейкиндиктин обьектисинин мейкиндик катыштарынын жаңысын тургузат же мурда куралганын сактап калат. Ага ылайык, *каузативдик* же *каузативдик эмес* мейкиндик катыштарды бөлүп алууга болот. Төрт негизги категориялык кырдаал каузативдик эмес жана каузативдик варианттарга ээ болгондуктан, аларды белгилеген синтакситик конструкциялардын саны эки эсе көбөйөт. Ал эми базалык прототиптик локативдик кырдаалдын коньюкцияларын берүүчү гибриддик предикаттарды да эске алса, мүмкүн болгон конструкциялар андан да көбөйүшү мүмкүн.

Координациялык аспект мейкиндиктин өзү болуп эсептелбейт. Ар кандай кырдаалдарды чагылдырган ар кандай предикат ошол өңдүү функцияны аткарат. Ар кандай типтеги мамилелер каузативдик же каузативдик эмес болушу мүмкүн. Ошондуктан мындай параметрди өз алдынча деп эсептөөгө болбойт. Ал баш ийүүчүлүк, кызматчы мүнөзгө ээ. Ал кырдаалдык катыштарды чагылдыруучу каражаттардан айырмаланган өзүнүн жеке спецификалык тилдик базасына ээ эместиги кокустан эмес. Топологиялык жактан мейкиндик катыштар бул топология мейкиндиктин формалары жөнүндө окуу. Аны жөнөкөй геометрия деп аташат, себеби топология өтө "жөнөкөй" түшүнүктөр жана болжолдуу баалар менен иш алып барат. Топология эки обьектинин *жакындыгы*, алардын *контактысы*, бири-бирине *туташуу, өйдө, төмөн, ортосу* ж.б. өңдүү базалык түшүнүктөр менен иш кылат. Топология геометрия менен жалпы болгон чекит, түз, көлөм сыяктуу түшүнүктү пайдаланса да, топология үчүн обьектинин так өлчөмдөрү, так аралыктары же алардын так формалары мааниге ээ эмес: маселен, топология үчүн суунун *тамчысы* менен *Күндүн* өлчөмүндөгү шардын ортосунда айырма жок; *куб, цилиндр, тетраэродром, шар* ортосунда айырма жок (анын баары хомоморфный болуп саналат). Кичинекей баланын сүйлөө процессин изилдеген психологдор жана лингвисттер балада топологиялык түшүнүктөр өнүгүүнүн алгачкы стадияларында, сүйлөгөнгө чейин эле өздөштүргөндүгүн белгилешет. Бул негиздерде адамдын ой жүгүртүүсү үчүн топологиялык түшүнүктөрдүн фундаменталдуулугу тууралу сында айтышат.

Топологиянын борбордук түшүнүктөрү *бөлүк* жана *бүтүндүк* түшүнүктөрү, ошондой эле *кеңири бүтүндүн бөлүгү болуу* катыштары эсептелет. Бул катыштын манифестациясынын жеке учурлары катары *жакындык* катыштары – обьектинин чөйрөсүнө туташуу, *контакт* – обьектинин тегиздигине туташуу, *туташуунун* өзү – башка обьектиге айрым же толугу менен сыюу, башка обьектинин карамагында болуу. Топологиялык катыштар тилдик мейкиндик катыштардын арасынан типтеринин ар түрдүүлүгү жана аларды чагылдыруунун каражаттары боюнча борбордук болуп саналат. Алар мейкиндиктин өзүнүн сапаттарын, аны локализатор менен белгилөөнүн спецификасын, мейкиндик катыштын эки катышуучусунун тең мейкиндик жана обьектилик мүнөздөмөлөрүнүн диалектикасын бөтөнчө чагылдырат. Аларды чагылдыруунун негизги тилдик базасы катары локализаторлордун ар кандай структуралык-семантикалык типтери саналат, бирок топологиялык мүнөздөмөлөр айрым локативдик предикаттарга да мүнөздүү. Мисалы, *кир* жана *шы?* шор этиштери таяныч локуму катары айрым көлөмдүү мейкиндикти болжолдойт, атоочтон жасалган кыймыл этиштери өзүнүн маанисинин курамына кыймыл тарссасын камтып, мейкиндиктин тийиштүү тибин да болжолдойт: *тосте* " тоо этектеп жүрүү. Орун которуу чөйрөсүнүн тиби боюнча мүнөздөлгөн бир катар этиштер да бар. Бирок алар шор тилинде топологиялык сапаттардын негизинде спецификалык синтаксистик конструкцияларды түзбөйт. Ал эми локализаторлор структурасынын структуралык-семантикалык тибинин жана ийкемдүүлүгүнүн ар түрдүүлүгүнүн аркасында топологиялык маанилердин бай системасын берет.

Топологиялык мейкиндик катыштардын арасынан эки негизги топту бөлүп алса болот: 1) локализатордун топологиясы (тагыраагы, локализатор тарабынан белгиленген мейкиндиктин топологиялык тиби) жана 2) обьектинин катыштыгынын жана таяныч локумдун топологиясы (тагыраагы, локализатордун референциялык мейкиндигинин жана таяныч локумдун катыштыгы). Катыштардын эки тиби тең өзүнө топологиялык катыштардын *жалпы* жана *жеке* подгруппаларын камтыйт.

Локализатордун мейкиндик жеке конфигурациясын чагылдырган топологиялык жалпы маанилеринин арасынан *вектордук* (старт, финиш, багыт, трасса, жеңип өтүүчү мейкиндик) жана *вектордук эмес* локализаторлорду (орун, ал- жана делокация пункттары) бөлүп алууга болот.

Кырдаалдык жана топологиялык катыштардын өз ара мамилелери тууралуу кырдаалдык ролдордун негизинде бөлүнгөн координаттар спецификалык топологиялык сапаттарды да чагылдырарын күбөлөндүрөт. Маселен, старт координатасы локалдашуу обьектисинин мейкиндик контактысын старттын чекити, бул контактынын ажырымын жана ошол мейкиндиктен акырындап алысташын менен болжолдойт. Финиш локалдашуу обьектиси менен кыймыл максатынын чекитинин оросундагы мейкиндик ажырымынын улам кичирейишин, ага багытын обьектинин финишке жетүүгө умтулушун болжолдойт. Трасса жана жеңип өтүүчү мейкиндик – кыймыл жүрүп бараткан сызыктар.

Вектордук эмес локализаторлор ар кандай реалдуу мейкиндик конфигурацияларына ээ болот, бирок аларды шарттуу түрдө чекитке алып барса болот.

Бул параметр локализаторлордун кырдаалдык типтеринин кошумча топологиялык мүнөздөмөсү болуп саналат жана шор тилинде алардан өзүнчө чагылдыруу каражаттарына ээ эмес. Аны менен *старт, финиш, орун* ж.б. - булар локализаторлордун кырдаалдык-топологиялык типтери.

Локализатордун жалпы топологиялык мүнөздөмөсү анын кырдаалдык тиби менен аныкталат. Бирок түрк тилдериндеги бир катар жандоочтор мейкиндикке локализатор менен белгиленген, адаттагыдан айырмаланган тийиштүү мейкиндик мүнөздөмөлөрдү бериши мүмкүн. Мисалы, *эбире* "айланасында" шор жандоочу белгиленген мейкиндиктин чөйрөсүнүн же айланасынын маанисин берет. мындай жандоочтор көп эмес, аларды талдоодо өзгөчө баса белгилейбиз. Ал эми мейкиндик предикаттарга бул жөндөмдүүлүк көбүрөөк деңгээлде тийиштүү. *Трассаны* өзүнүн маанисинде камтыган бир катар мейкиндик транслокативдик предикаттар бар, мисалы: *аш* "тоону ашуу" спецификалык трассаны билдирет: алгач тоонун чокусуна чейин чыгуу, андан соң этекке чейин төмөн түшүү.

Адабияттар

1. Арутюнова Н., Ширяев Е. Русское предложение: бытийный тип (структура и значение). – М., 1983

2. Ибрагимова В. Л., Отношение пространственной локализации и его репрезентация в высказываниях собственно-локативного типа (глагола) // Исследования по семантике. Семантические единицы и их парадигмы. – Уфа, 1992. 126-138-б.

3. Белимов Е. И. Способы выражения пространственных и временных характеристик действия в кетском и югском языках // Теория вопросов фонетики и групп языков народов СССР. – Новосибирск, 1970.

4. Кибрик А. Е. К типологии пространственных значений (на материале падежных систем дагестанских языков) // Язык и человек. – М.: Изд-во МГУ, 1970.

5. Жукова А. Н. Выражение пространственных отношений в системе склонения существительных корякского языка // Склонение в плеоазиатских и самодийских языках. – Л., 1974.

6. Ахундов М. Д. Концепции пространства и времени: истоки, эволюция, перспективы. – М., 1982.

7. Гунаев З.С. О выражении пространственных отношений в неколорых дагестанских языках // вопросы языкознания. – 1977. - №4. 126-130-б.

8. Закарян А. А. Семантика пространственных и временных предлогов в современном английском языке: Автореф. Дисс.канд.филол.наук. – М., 1982.